УДК: 801.81

*Толубаева Ч. Д., филол. илимд. канд., доцент*
*tolubaeva.1975@mail.ru*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан*

## “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ ОБРАЗДАР СИСТЕМАСЫ АРКЫЛУУ ЖАШТАРДЫ МЕКЕНЧИЛДИККЕ ЖАНА АДЕП-АХЛАКТУУЛУККА ТАРБИЯЛОО

*Макалада “Манас” эпосундагы образдар системасы аркылуу жалпы жаштарды мекенчилдикке, адеп-ахлактуулукка тарбиялоого мүмкүн болгон идеялар камтылган. Анын үстүнө, “Манас” эпосу жалпы түрк элин мурунтадан эле мекенчил болууга үндөп, жалпы элди бир туунун алдына биригүүгө чакырат. Ал эми бүгүнкү илим менен техниканын өнүккөн доорунда бардык мекендештер үчүн рухий азык катары кызмат кылып келет. “Манас” эпосу жоокерчилик турмушту чагылдырып эле тим болбостон, ошондой заманда элдин улуулугун, бири бирине болгон бир туугандык мамилени, бийик гуманизимди чагылдырган чыгарма экени маалым. Андыктан аталган макалада баатыр Манастын, Бакайдын образдары аркылуу жаштарды Мекенди сүйүүгө, улууларды урматтоого, кичүүлөргө үлгү, тарбиянын өрнөгү катары болууга чакырат.*

***Өзөктүү сөздөр**: эпос, образ, рухий азык, Мекен, адеп-ахлак, тарбия, патриоттуулук.*

*Толубаева Ч. Д., канд. филол. наук, доцент*
*tolubaeva.1975@mail.ru*
*ИГУ им. К. Тыныстанова, Кыргызстан*

## ВОСПИТАНИЕ МОЛОДЕЖИ ПАТРИОТИЗМУ И НРАВСТВЕННОСТИ ЧЕРЕЗ СИСТЕМУ ОБРАЗОВ ЭПОСА «МАНАС»

*В статье содержатся идеи, которые можно использовать для воспитания у молодежи чувства патриотизма и нравственности через систему образов эпоса «Манас».*

*Более того, эпос «Манас» призывает тюркоязычный народ быть патриотичным и объединиться под одним флагом. А в нынешний век науки и техники она послужила духовной пищей для всех наших сограждан.*

*Известно, что эпос «Манас» является не только отражением воинской жизни, но и отражением величия народа, братства и высокого гуманизма. В данной статье автор показывает, как герой через образы Манаса и Бакая призывает молодежь любить страну, уважать и почитать старших, быть примером для младших и быть примером просвещения.*

***Ключевые слова:** эпос, образ, духовная пища, Родина, нравственность, воспитание, патриотизм.*

*Tolubaeva Ch. D., candidate of philological sciences*
*e-mail:tolubaeva.1975@mail.ru*
*Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov, Kyrgyzstan*

## EDUCATION OF PATRIOTISM AND MORALITY OF YOUTH THROUGH THE SYSTEM OF IMAGES IN THE EPIC "MANAS"

*The article contains ideas that can be used to educate young people in patriotism and morality through the system of images in the Manas epic.*

*Moreover, the Manas epic calls on the Turkish-speaking people to be patriotic and calls on them to unite under one flag. And in the current age of science and technology, it has served as spiritual food for all our fellow citizens. It is known that the epic "Manas" is not only a reflection of military life, but also a reflection of the greatness of the people, brotherhood and high humanism.*

*Therefore, in this article, the hero, through the images of Manas and Bakai, urges young people to love the country, respect and honor the elders, be an example for the younger ones and be an example of enlightenment.*

***Key words**: epic, image, spiritual food, motherland, morality, education, patriotism.*

“Манас” эпосу – көлөмү жагынан дүйнө жүзүндөгү эң чоң эпикалык чыгарма. Эпосто жалпы түрк элинин турмушу, тарыхы, тили, маданияты, географиясы, философиялык дүйнө таанымы, медициналык түшүнүгү, аскердик тартиби, дипломатиялык ишкердиги, соода-сатык алакасы, эл аралык байланыштары, көчмөндөрдүн спорттук оюндары, салык кызматтары, ошондой эле элдин кызыкчылыгын көздөгөн бардык иш-аракеттер чагылдырылган.

“Манас” эпосу – кыргыз элинин рухий маданиятынын туу чокусу” [1: 292], - деп улуу жазуучубуз Ч. Айтматов белгилегендей, эпостун мазмуну камтыган улуу идея жалпы түрк элинин биримдигин, ынтымагын жана көз карандысыздыгын сактоодо турат. Андыктан бүгүнкү илим менен техниканын жетишкен доору болгон 21-кылымда “Манас” эпосу жалпы түрк элдери үчүн рухий азык катары кызмат кылып, жаштарыбызды элди-жерди сүйүүгө, жаратылышка аяр мамиле кылууга, улууларды урматтоого, Мекенди коргоого, улуттук тилди таза сактоого чакырып, ынтымакка, патриоттуулукка үндөп келет.

Жалпы адам баласынын турмушундагы баалуу маселелер “Манас” эпосунда башкы каармандардын образдары, алардын жаркын иш-аракеттери аркылуу берилет. Ал эми адабият мугалиминин милдети эпостун мазмуну камтыган улуу идеялар аркылуу жаштарды мекенчилдикке жана адеп-ахлакка тарбиялоо болуп саналат. Анткени мугалимдик кесиптин башкы максаты билим берүү эле болбостон, ар бир жаш жеткинчекке, өспүрүмдөргө жана жалпы жаштарга эпостогу каармандардын образдары аркылуу мекенчилдик, ар-намыстуулук, акылдуулук, даанышмандык идеяларын жайылтып, ар-намыстуу, гумандуу, мекенчил жаштарды өстүрүүдө турат.

“Манас” эпосунда борбордук каармандардын катарына Манас, Бакай, Каныкей, Акбалта, Кошой, Алманбет, Чубак, Сыргак ж. б. кирет. Биз Манас баатыр жана Кошой, Бакайдын образдары аркылуу жаштарды кантип мекенчилдикке чакырып, адеп-ахлактуулукка үндөйбүз? Албетте, Манас баатырдын: “Кулаалы жыйып куш кылып, курама кылып журт кылганы” жана ар дайым жалпы элге кайрылып:

Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди
Душмандын буту баскыча,
Асыл кыргыз элимди,
Тебелетип бөтөнгө,
Кор кылып карап жаткыча,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Аткарбасам антымды,
Төшү түктүү жер урсун!
Көкө Теңир өзү урсун! [5: 330]

деп эл алдында берген антынын түпкү башатын, эли-жерине болгон сүйүүсүнүн чексиздигин, кенедейинен кыргыз элинин эркиндиги, көз карандысыздыгы, ынтымагы үчүн жанын курман кылууга даяр экендигин билдирет. Манастын элине болгон чексиз сүйүүсү энеси Чыйырдыдан, атасы Жакыптан, Акбалтадан алган тарбиясынын жыйынтыгы болгон. Манастын элдик баатыр болуп тарбияланышы – жалпы түрк элинин тарыхын, басып өткөн жолун билгендигинин жыйынтыгы, демек, ал элдик

педагогиканын тарбия мектебинен сабак алып, мекенчил патриот, намыскөй, жалпы түрк элинин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон адеп-ахлактуу айкөл болуп тарбияланат. Манас байлыктын эмес, элдин кулу, эл медер туткан улуу жол башчы болуп тарбияланышына жан курдашы, кеңешчиси Бакайдын, жалпы түрк элинин өрнөгү аркылуу, даанышман улуу Кошойдун ар дайым туура кеңеш берип, даанышмандыгын билдирген тарбия мектеби аркылуу улуу каарман болуп чыга келет. Демек, Манас мекенчилдиктин эле символу эмес, ал – адамгерчиликтин, айкөлдүктүн, жалпы айтканда, нравалуулуктун символу. Себеби Манас өмүрү өткүчө жалпы түрк элинин башын бириктирип, элдин бейкуттукта бейкапар жашоосу үчүн жанын курман кылып келген. Манас ар дайым жалпы журтка кайрылып:

Корстон болбо дүйнөгө,
Короодо жатат коюм деп,
Кор болбоймун оюм деп,
Комсоо кепти сүйлөбө [5: 423]

деген чакырыктарды айтат. Манастын бул чакырыгынын түпкү мааниси материалдык байлык түбөлүктүү эмес экендигин, андан көрө ар бир адам үчүн жашоодогу асыл дөөлөт элдин биримдиги жана акылмандыгы экенин билдирет. Андыктан мындай чакырыктар ар бир акыл-эстүү инсанга ички рухий байлыгыбызды байытып, элдин басып өткөн тарыхын, Мекенди ыйык сактоо идеясын жана кандай күн болбосун, адамдык улуулук, ички духу, руху күчтүү болуусуна чакырат. Ошондой эле Манастын образы – айкөлдүктүн, калыстыктын символу.

Баатыр Манас өзүнүн лидерлиги жана айкөлдүгү менен башкалардан өзгөчөлөнөт. Манаска келип кошулган кырк жигиттин ар биринин мингенине ат, үстүнө үй, бойдокторду өмүрлүк жарлуу кылат. Ар биринин ой-тилегин билип, мүдөөсүн, көксөөсүн аткарат. Ошондуктан эпосто: Манас “телегейи тең эле, ичин карап отурса, жер жүзүнөн кең эле, кеңдиги чалкар көл эле” деген классикалык портрет менен мүнөздөлөт. Ал – интернационалист каарман. Ар кайсы мамлекеттен келген кырк башка жигитти бирдей карап, аларды мекенчил кылып тарбиялап, “Элди, жерди баскынчылардан коргоо, эркиндикти жоготпоо” деген ураандардын алдында башкарат. Манастын адеп-ахлактыкка үндөгөн сапаттары да эпостун сюжетинде арбын камтылган. Манас дилинде согушту жек көргөн, бирок согуш оңой нерсе эмес экенин, жеңишке жетиш үчүн жоготуу да болорун баса белгилеген. Чоң казатка аттанып жатканда ал жоокерлерине кайрылып, олжого, алтын-күмүшкө азгырылбоого чакырат. Үй-бүлөдө жалгыз уулу болсо, казатка барууга уруксат берген эмес.

Каканчындын Бээжинге
Карың эмес, жашың бар.
Жылкыдан тандап берейин,
Бекем күлүк малымды ал.
Капырдын малын чачабыз,
Бээжинге казат ачабыз.
Атым арык дегениң
Азыр кайткын үйүңө.
Өзүм жалгыз дегениң
Эми кеткин үйүңө.
Алым начар дегениң
Азыр кайткын жериңе.
Барарсың Бээжин бузукка:
Азырынча олжо деп

Ат менен тонго кызыкпа [5: 559].

Чоң казатка чыгардан мурун жалпы элди жыйып чоң жыйын өткөрөт. Манас элге кайрылып кеңеш куруп, акылга салат. Элге согуш жөн эле тамаша эмес, олжого кызыгып, өмүрүн коркунучка салбашын баса белгилеп, ата-энеси карып калгандар, багар-көрөрү жокторду да согуштан алыс бол деген насаатын айтат. Ошондой эле Манас катылып өзү биринчи эч убакта согуш баштабайт, бирок катылгандын эсебин берет.

Манас баатырдын карапайым элге болгон жогорудагыдай адилеттүүлүгү, гумандуулугу тууралуу айта берсе, сөз түгөнбөйт. Андыктан эпостогу белгилүү эпизод “Көкөтөйдүн ашынан” дагы бир мисал келтире кетсек. Окумуштуу С. Байгазиев “Манас” эпосу боюнча көптөгөн баалуу пикирлерди билдирген. Өзгөчө, анын: “Көкөтөйдүн ашы” дүйнөлүк олимпиаданын алгачкы прообразы болгон” [4: 129] деген маанилүү пикирине кошулабыз. Айтылуу ашта көчмөндөрдүн жети спорттук оюну ойнотулганы баарыбызга маалым. Жети спорттук оюндун бири эр сайыш болгон. Манас кытай баатыры Коңурбай менен эр сайышта жеңишти камсыз кылып, сыйлыгына келген эсепсиз чоң байгесин элге бөлүп берген. Ошондо да таратылып жаткан байге карапайым колунда жокторго, жетимге, жесирге тийгенин көзөмөлгө алган. Ал – айкөл, боорукер, гумандуу каарман. Ошондуктан эпосто:

Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин,
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Ай алдында дайранын.
Толкунунан бүткөндөй,
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй,
Асмандагы ай-күндүн
Жаркынынан бүткөндөй [5: 144] - деп мүнөздөлөт. Кандай укмуш керемет саптар менен анын портрети сыпатталат. Турмушта Ай менен Күндүн адамзат үчүн философиялык да, турмуштук мааниси канчалык терең.

Манас ар дайым эл менен бирге болгон. Ал тегерегине эл үчүн кызмат кылган мыкты уулдарды, билимдүүлөрдү топтой алган сапаты менен айырмаланган. Манас жалгыз өзү эч убакта улуу айкөлгө, айбаттуу көк жалга айлана алмак эмес. Ал ар дайым калктын кутман карыясы болгон Кошойдун, капылетте сөз тапкан, караңгыда көз тапкан Бакайдын, жетимиш түркүн тил билген чечен, эл аралык элчилик милдетти жогорку деңгээлде аткарган Ажыбай жана башка баатырлардын ишмердүүлүктөрү менен жалпы түрк элин биримдикке чакырып, бир туунун алдына чогулткан. Ошондой эле мекенчилдик улуу сезимдери менен түбөлүктүү өлбөс каарманга айланып, тарбия өрнөгүнүн башаты болуп отурат.

“Манас” эпосунда “үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган, жоголгон жокту тапкан, журт айласын кылган” Кошой карыянын образы жалпы эпостун окурмандары үчүн таалим-тарбиянын үлгүсү катары кызмат кылат. Кошой бабабыздын жалпы түрк эли үчүн “Көкөтөйдүн ашындагы” ролу өтө бийик. Кошой бабабыздын каруусу боюнан кетип, мууну бошоп, узак карылыкка жеткен 85 жаш курагында жалпы түрк элинин намысын тебелетпес үчүн кытай-калмактын дөөсү, андан алда канча күчтүү Жолойго каршы туруп, балбан күрөш оюнуна чыгуу оңойго турган эмес. Бирок

Мекендин намысы, улуу кыргыз элинин туусун кулатпаш үчүн өзү кооптуу, опурталдуу куракта экенине карабай, жалпы түрк элинин намысын бийик койгон Кошой бабабыздын кадамы таалим-тарбиянын, намыскөйлүктүн, Мекен үчүн жанын курман кылган мекенчилдиктин, жаштарды тарбиялоонун башаты катары түбөлүк кызмат кылат. Ушул жерден окумуштуу-адабиятчы, педагог С. Байгазиевдин "Манас" эпосуна арналган илимий эмгегинде: "Кошой менен Жолойдун күрөшү" жөнүндө сабак болобу, класстык саат болобу, лекция, дискуссия, тегерек үстөл болобу, дене тарбия иш-чарасы болобу окуучулар, жаштар Кошой баатырдын калк кызыкчылыгын кайтарган патриотизмине, мекенчилдигине, улутмандыгына терең түшүнүп, эл мүдөөсүн, Ата журттун кызыкчылыгын, ар намысын Кошойчо коргой билүү идеясына сугарылып, көздөгөн максатты ишке ашырууда Кошойдой эрктүү, өжөр болууга шыктанып, Кошойдун жарандык-атуулдук бийик руханиятын, жеңе билүү философиясын өздөштүрүп чыгышса, окуу-тарбия ишинин акыбети кайтканы ошол" [4: 412] - деп баса белгилегенин келтире кетсек, орундуу болор. Биз жогоруда калктын атасы, кутман карыя Кошойдун образын ачкан бир эле мисал болду. Ал эми эпосто Кошойдун калктын камы үчүн аткарган кызматтары көп. Биздин педагогдордун максаты Кошойдун эл үчүн жасаган ишмердүүлүгүн тарбия жаатында эле эмес, спорт жаатында да жайылтуу, ошондой эле Кошой түрк элдеринин туусун бийик көтөргөн, түрк элдеринин биримдигинин идеологу экенин билдирүү. Андыктан "Манас" эпосундагы "Көкөтөйдүн ашындагы" Кошой менен Жолойдун күрөшү спорт сүйүүчүлөр үчүн эле эмес, мектеп окучуулары эле эмес, жалпы карапайым элдин намысын ойготуп, Мекенчил болууга үндөп, патриоттуулуктун, мекенчилдиктин символу катары түбөлүк кызмат кылат.

"Манас" үчилтигинде Кошой бабабыз сыяктуу борбордук каармандын бири – Бакай. Бакай – акылмандыктын, сабырдуулуктун, ынтымактын символу. Бакайдын жеке эле баатыр Манастын тагдыры үчүн эмес, жалпы түрк элинин ынтымагы үчүн кошкон салымы чоң. Ошондуктан бүгүнкү күндө эл арасында "Калк атасы – Бакай", "Кутман карыя Бакайдай", "Бакайдай төрдүн көркү", "бакай калпак" деген эпитеттер бекеринен сакталып калган эмес. Эпостогу Бакай атабыздын калк арасына кенен жайылып, сүймөнчүлүгүнө ээ болгон сүйүктүү каарман экенин жаштарга жеткирүү менен, анын эл үчүн жасаган ак кызматын жайылтып, жаштарды мекенчил болууга үндөө адабият мугалиминин алдына койгон милдети болуп саналат. Ушул сыяктуу эле кандай чоң мамлекеттик мекеме же уюм, мейли, туугандар арасы болбосун, абройлуу, акылман сыйлуу адамдарыбызды Бакай менен салыштырып, "Бакайдай төрдүн көркү болуп жүрүңүз" деген тилектерди билдиребиз. Ошондой эле калкка кызматы өткөн улуу адамдарыбызга бакай калпак арнайбыз. Демек, "Манас" эпосундагы образдар системасы аркылуу жаштарыбызды мекенчилдикке жана адеп-ахлактуулукка тарбиялап келебиз. Грузин элинин "Жолбор терисин жамынган баатыр аттуу" дастанын баарыбыз билебиз. Эң кызыгы, ошол грузин элинин баатырдыгын даңазалаган дастанын ар бир грузин үй- бүлөсү ыйык тутуп, кыздарын турмушка узатканда себине кошуп белек катары беришет экен. Бул алардын тарыхын, маданиятын, баатырдыгын сыйлаган иш-аракеттеринин бири болуп саналат. Андыктан эмне үчүн кыргыз эли "Манас" эпосун окуп, жаштарды мекенчилдикке тарбиялап эле тим болбостон, ар бир үйдө ыйык тутуп, кыздарыбызды турмушка узатканда "Манас" китебин себине белек катары кошуп берүүнү салтка айлантпайбыз. Ар бир кыргыз атуулунда өткөн маданиятка, адабиятка астейдил мамиле кылуу сезими болсо, мындай асыл идеялар эртеңки күнү ишке ашарына ишенсек болот.

Сөзүбүздү жыйынтыктап жатып, "Манас" эпосун мектептерде, орто жана жогорку

окуу жайларда эле окутуп тим калбастан, ар бир мамлекеттик, коомдук жайда, ишкерлер арасында “Манас” сабагын өтүп, семинарларды уюштуруп, эпостогу Манас баштаган каармандардын жаркын образдары аркылуу мекенчилдик сезимин ойготуп ар бир жараныбыздын жүрөгүн Мекен үчүн таза, акыйкат иштөөгө жана бири-бирибизге бир туугандай мамиле кылууга үндөй алат элек. Анткени “Манас” эпосу бул – баатырдыкты эле даңазалаган чыгарма эмес, бул Ч. Айтматов айткандай, “бийик гуманизмге сугарылган эпос” [1: 296]. Эпосту изилдөө иштери бүгүнкү күндө илимдин бардык тармагын кучагына алды. Эпосту изилдөө адабияттаануунун жана фольклористиканын эле милдети болуп калган жок, эпостун сюжети камтыган идеялар аны илимдин бардык тармагында изилдөөгө негиз болду. Андыктан “Манас ”эпосун жайылтуу менен, андагы мамлекеттүүлүк деген улуу идеялар элибизге саясий идеология катары кызмат кылса, жалпы элибиздин мекенчил сезими күчтүү болуп, биримдиктин, бир туунун астында алга жылууга кызмат кыла бермекчи деген ойду билдирмекчибиз. Ал үчүн ар бир атуул мекенчил болуп, Манас баатырдай элдин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн жанын үрөп, Бакай бабабыздай адеп-ахлактуу, калк атасы кадырман Кошой карыябыздай намысчыл болсок, кыргыз элинин келечеги кең, жаштардын тагдыры жаркын болот. Акырында айтарыбыз: “Манас” эпосундагы образдар системасы аркылуу эле эмес, чыгарманын бүткүл мазмуну, анда камтылган идеялар жалпы окурмандарды Мекенди сүйүүгө, эне тилинин кадырын билип, аны таза сактап улантууга, улууга урмат кылып, кичүүгө ызаат этүүгө чакырат. Ошондуктан агартуу жана билим берүү системаларында эле эмес, мамлекеттин бардык түзүмдөрүндө улуу “Манас” эпосубуз окулуп жайылтылса, ийгиликтер жаралат деген терең ишеничтебиз.

**Адабияттар:**

1. Айтматов Ч. Т. Чыгармаларынын он томдук жыйнагы : 8-том. -Бишкек, 2018. -485-б.

2. Ауэзов М. О времени возникновения эпоса “Манас”. В кн.: Энциклопедический феномен эпоса “Манас”. - Бишкек, 1995.

3.Абдыразаков А. Көркөм адабият менен “Манас” эпосундагы психологизм маселеси. Кит.: Азыркы адабияттаануу жана фольклористика маселелери. -Бишкек, 2010.

4. Байгазиев С. Улуу “Манас” эпопеясы – дүйнөлүк көркөм маданияттын өчпөс жылдызы. -Бишкек, 2016.

5. Манас. Саякбай Каралаевдин вариантында. - Бишкек, 2010.